БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
Билим берүү программаларын
жана уюмдарын аккредитациялоо
агенттигинин кызматкерлеринин
**Жамааттык жыйыны**

Протокол № 67-1 от 05.09.2024

**«БЕКИТИЛГЕН»**
Билим берүү программаларын жана
уюмдарын аккредитациялоо
агенттигинин директору
_______ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101

# ББУ программалык аккредитациялоодон өтүү учурундагы өзүн-өзү баалоо отчётуна негизги талаптар

(см. веб сайт: www.aaopo.kg).

| № | Аталышы | Талаптар | Эскертмелер |
|---|---|---|---|
| 1 | **Бардык бөлүмдөр** | Отчеттун текстинин шрифти – 12 Times New Roman болушу керек;<br>Бөлүмдөрдүн аталыштарынын шрифти – 14 Times New Roman болушу керек, алар кара шрифт менен белгилениши керек.<br>Отчеттун бардык таблицалары, графиктери, иллюстрациялары жана тиркемелери номерлениши керек. | |
| 2 | **Титулдук барак** | Титулдук баракта берилүүчү маалыматтар:<br>**Жогору жагында** – башкы уюмдун, билим берүү мекемесинин жана аккредитацияланууучу билим берүү программаларынын толук аталышы.<br>**Ортодо** – отчеттун аталышы «Аккредитацияланууучу билим берүү программанын толук аталышы программалык аккредитациядан өтүү учурундагы өзүн-өзү баалоо отчету»;<br>– өзүн-өзү баалоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аты жөнү берилиши керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамынын аты-жөнүнүн каршы жагында кол тамгалары коюлушу керек.<br>**Төмөн жагында** – ББУ жайгашкан жери, отчеттун жазылган күнү.<br>2-бетте – барактарды көрсөтүү менен отчеттун мазмуну.<br>3-бетте – кыскартуулардын тизмеси. | Отчет А4 форматындагы титулдук баракча менен башталат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | **Өзүн-өзү баалоо отчетунун түзүмү** | Өзүн-өзү баалоо отчетунун бөлүмдөрү:<br>- Киришүү<br>- 1-6 аккредитациялоо стандарттарынын бардык критерийлеринин аткарылышын, ошондой эле аларды баалоону ырастаган текст (өтүнмөлөргө милдеттүү шилтемелер менен);<br>- Корутунду;<br>- Тиркемелер; | Ар бир аккредитациялоонучу программа үчүн өзүнчө отчет жазылат. |
| 4 | **Киришүү** | **Кириш сөздө бериличүү маалыматтар:**<br>- **окуу жайдын** почталык дареги, телефондор, e-mail, веб-сайт;<br>- **окуу жайды** түзүү тууралуу маалыматтар (окуу жайды түзүү тууралуу тескөөчү документтердин (күбөлүк) көчүрмөлөрү тиркелиши керек);<br>- **окуу жайдын** менчигинин формасы жана таандуулугу тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);<br>- **окуу жайдын** жетекчисинин, анын орун басарларынын, аккредитацияга жооптуу кызматкердин аты-жөнү жана алар менен байланышуу боюнча маалыматтар (телефондор, e-mail);<br>- **өзүн-өзү баалоо** боюнча комиссиянын курамы;<br>- **окуу жайда** жүзөгө ашырылып жаткан билим берүү программалардын тизмеси;<br>- **билим берүү** программаларына берилген  лицензия тууралуу маалыматтар (лицензия жана анын тиркемелери тиркелиши керек);<br>- **окуу жайдын** билим берүү программаларын аккредитациялоо тууралуу маалыматтар (сертификат жана анын тиркемелери тиркелиши керек);<br>- **окуу жайга** берилген сыйлыктар болсо алар тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);<br>- **окуу жайдын** ар кыл уюмдардагы мүчөлүгү тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);<br>- **бардык билим** берүү программалары боюнча окуган окуучуладын саны тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);<br>- **аккредитацияланууучу**  билим берүү программаларынын окуу пландары тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек); | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - окуу жайдын кыскача тарыхы. | |
| 5 | **1-6 аккредитациялоо стандарттарынын бардык критерийлерин аткаруу, ошондой эле аларды баалоо.** | Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо отчетунда 1-6 аккредитациялоо стандарттарынын бардык критерийлеринин аткарылышын, ошондой эле аларды баалоо (толтурулган, комментарийлер менен аткарылган, аткарылган эмес) аткарылганын далилдеген текст (беттерин көрсөтүү менен тиркемелерге милдеттүү шилтемелер менен) камтылууга тийиш.<br><br>Текст мүмкүн болушунча конкреттүү, маселенин маңызы боюнча толук жана далилдүү болушу керек.<br><br>Эгерде, жок дегенде далилдердин бир түрү тиркемелерде келитирилген болсо жооптор далилдүү деп эсептелет.<br><br>Тиркемелердеги далилдерге конкреттүү шилтемелер (тиркеменин №, барактары) болушу керек.<br><br>Ар бир стандарт боюнча тексттин аягында өзүн-өзү баалоо комиссиясы күчтүү жана алсыз жактарын келтире алат (эгерде алар бар болсо, бирок аларды атайын издөөнүн кереги жок!). | Критерийлердин же стандарттардын аткарылышын баалоо:<br>- аткарылып жатат<br>- жетишсиздиктер менен аткарылып жатат<br>- аткарылбай жатат<br>**Күчтүү жагы** – бул программанын артыкча жетишүүсү же ага кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берген кандайдыр бир күчтүү өзгөчөлүгү.<br>**Алсыз жагы** – бул программанын иштеши үчүн маанилүү бир нерсенин жоктугу же ал ишке ашпай калган нерсе (башкаларга салыштырмалуу), же аны жагымсыз шарттарга салган нерсе. |
| 6 | **Корутунду** | Корутундуда берилүүчү маалыматтар:<br>- бардык 6 аккредитациялык стандарттардын аткарылышына баа берүү<br>- программанын күчтүү жагы<br>- программанын алсыз жагы | |
| 7 | **Тиркемелер** | Тиркемелерде аккредитациянын стандарттарынын жана критерийлеринин аткарылышын ырастаган далилдер болуш керек.<br>Ар бир тиркеменин аталышы болушу керек жана ал биринчи беттен башталышы керек.<br>Мисалы: 4-тиркеме, 32-34-б. | |